ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ
# ВЕСТНИК

КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО
УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

2013



специальный выпуск

ISBN 9967-21533X

ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН

ЖАРЧЫСЫ
ВЕСТНИК

КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО
УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

**ПЕДАГОГИКАЛЫК КАДРЛАРДЫ МАКСАТТУУ ДАЯРДОО ИНСТИТУТУ**
**ИНСТИТУТ ЦЕЛЕВОЙ ПОДГОТОВКИ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ КАДРОВ**

# “КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК КАДРЛАРДЫ ДАЯРДООНУН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА ПРАКТИКАСЫ” АТТУУ I РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН МАТЕРИАЛДАРЫ

# МАТЕРИАЛЫ I РЕСПУБЛИКАНСКОЙ НАУЧНО-ПРАКТИЧЕСКОЙ КОНФЕРЕНЦИИ «ТЕОРИЯ И ПРАКТИКА ПОДГОТОВКИ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ КАДРОВ В КЫРГЫЗСТАНЕ»

Подпись ____ заверяю
Ученый секретарь ____
КГУ им. И. АРАБАЕВА

*АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ*
*СПЕЦИАЛЬНЫЙ ВЫПУСК*

*ISBN 9967-21533X*

окутуучулары жана студенттери Казакстандагы "Гүлзар" борборунда болушуп, экологиялык тарбия багытында тажрыйба алмашып, институттан сегиз студент флористика боюнча боюнча окуп билим алып келишти. 2011-жылы 11-августа Педагогикалык кадрларды масаттуу даярдоо институтунун алдында "Мугалим" илимий-педагогикалык журналы түзүлүп, Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигинен каттоодон өткөн. Билимдүү, тартиптүү таланттуу, чыгармачыл студенттер үчүн атайын институттун эсебинен тарыхый жайларды көрүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Келечекте илим тармагында иштөөгө кызыккан студенттер, студенттик семинарларга, республикабыздагы жогорку окуу жайларынын арасында уюштурулган конференцияларга катышып, ар кандай илимий докладдарды жазууга көнүгүшөт. Жакынкы чет мамлекеттердеги окуу жайларынын студенттери менен достук алака байланыштарын түзө алышат. Мындан сырткары республикабыздагы белгилүү окумуштуулардын сунуштары менен илимий изилдөөгө багыт алып, илимий иштер менен иштөөгө да шарттар бар. Институтта жакшы окуп коомдук, илимий, маданий иштерге активдүү катышкан бүтүрүүчүлөр институттун өзүндө калып иштөөгө, магистратурага өтүүгө, илимий иштерин тереңдетип өнүктүрүшсө да болот. Институтта окуган студенттер өз өнөрлөрүн өркүндөтүү менен жетим балдарга жана кары адамдарга мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жардамдарды беришип, өз өнөрлөрүн тартуулоо менен түрдүү белектерди тартуулашат. Азыр республикада атайын мугалимдерди даярдаган бир дагы окуу жай калбай, мугалимдерди даярдоо экинчи орунга калтырылган. Мектептерди мугалим кадрлар менен толук камсыз кылуу үчүн өкмөттүн деңгээлинде атайын иш-чара иштелип чыгыш керек. Педагогикалык орто жана жогорку кесиптик билим берүү системасын сактап калуу, аны бүгүнкү күндүн талабына ылайык уюштуруу, кесип берүүнүн сапатын жогорулатуу; ар бир райондун, шаардын, облустун педагогикалык кадрларга болгон керектөөсүн так эсепке алып, мугалим кадрларды даярдаган окуу жайга бюджеттик орундарды бөлүү керек. Мугалим кадрларды даярдоонун эсебинен каражат үнөмдөө – калктын, мамлекеттин алга жылышына тоскоолдук болууда, андан ата-энелер да, балдар да, мамлекет да зыян тартууда. Мындай мамиле коомдун интеллектуалдык потенциалынын төмөндөшүнө алып келүүдө. Ошондуктан ар кандай кыйынчылыкка, тартыштыкка шылтабай мугалимдердин жашоо-шартын жакшыртып, алардын коомдогу кадыр-баркын көтөрүү керек. Бул багытта Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин курамындагы Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун жүргүзүп жаткан иштери колдоого татыктуу.Мектепке, мугалимге жасаган мамилесине жараша ошол коом, мамлекетке мүнөздөмө берсе болот. Билим берүү системасындагы орун алып келе жаткан мындай кемчиликти четтетип, аны жоюуга өкмөт да кайдыгер карабайт деп ойлойм.

**Качкын уулу Алтынбек**
*Ж. Баласагын атындагы КУУнун алдындагы*
*ПКМДИнин окутуучусу*

## КЕЛЕЧЕКТЕГИ АЙЫЛ МЕКТЕБИНИН МУГАЛИДЕРИНИН КЕСИПТИК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Аннотация:** Данная статья посвящена проблеме формирования профессиональной культуры будущего учителя в условиях модернизации образования. Проанализированы такие

понятия как компетентность, деловитость и культура в целом, учтены социальные положения и особенности сельских школ.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын мектептеринин 70%дан ашыгы айыл жергесинде жайгашып, социалдык экономикалык маселелерди чечүүгө салым кошот.

Азыркы кездеги коомдогу өзгөрүүлөрдүн шарттарында айыл мектебинин кесиптик сапаттары калыптанган, чыгармачылык менен иштеген мугалимге муктаждыктар өсүүдө. Бирок, мындай муктаждыкты жоюу үчүн айыл жергесинде бир катар маселелерди чечүү керек: айыл жергесинде эмгектенген мугалимдерге социалдык шарттарды түзүү, педагогикалык жогорку окуу жайларда келечектеги айыл мектебинин теориялык, практикалык жана психологиялык жактан даярдоонун деңгээлин жакшыртуу жана алардын кесипке карата мотивациясын калыптандыруу ж.б. кирет.

Бүгүнкү күндөгү билим берүү системасынын модернизациялоонун шарттары айыл мектебинин мугалиминен кесиптик маданиятты талап кылат.

Мындай бат өзгөрүлүп турган, жетишээрлик түрдө окуу каражат менен камсыздандырылбаган айыл жергесинин шарттарына иштей турган кесиптик маданияты жогору мугалим керек.

Мугалимдин кесиптик маданияты **социалдык** (конкреттүү бир социалдык группага тийиш болуусу), **кесиптик** жактан (кесиптик компетенттүүлүгү, үзгүлтүксүз өзүн-өзү окутуу, бат өзгөрүлүп турган илимдин, коомдун шарттарына ылайыкташуу жөндөмдүүлүгү), жана жеке **инсандык** өзгөчөлүктөрдү (мүнөзү, интеллектуалдык жөндөмдүүлүгү, инновациялык компетенцияларга психологиялык жактан даяр болуусу). Мугалимдин кесиптик маданияты аны окуткан предметти жакшы билүүсүн гана көрсөтпөстөн аны чыгармачылык менен иштей билүүсүн өзүнө камтыйт.[3]

Бүгүнкү күндө мугалимдин инсандык сапаты, анын педагогикалык маданияты, кесиптик компетенттүүлүгү көптөгөн окумуштуулардын кызыгуусун жаратууда. Кесиптик маданияттын калыптануусун психологиялык аспектилерин А.Адлер, А.Г.Асмолов, Л.С.Выготский жана А.А.Деркач тарабынан изилденип чыккан.

Айыл мектеп мугалиминин өзгөчөлүктөрү А.Ф.Драничников, Д.А.Казыханова, И.Г.Метлова, Г.А.Федотова, А.М. Цирульников, Р.М.Шерайзина, О.И.Артюхиндер тарабынан бир далай изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

Айыл мугалимдердин иш-тажрыйбасын эске алуу менен болочок мугалимдерди даярдоодо так принциптерди, багыттарды, механизмдерди, уюштуруучулук жана алардын иштөө шарттарын эске алуу менен Артюхин О.И. кесиптик маданиятты үч топко бөлөт:

1. Окуткан предмети боюнча адистик компетенттүүлүгү (предметин билүү жана анын кабыл алуусунун психологиялык өзгөчөлүктөрүн, түшүндүрүп берүү мүмкүнчүлүгү, толуктап туруусу, окуучулар тарабынан кабыл алган билимди практика жүзүндө колдонуу ж.б.).

2. Методикалык жактан компетенттүүлүгү окуучулулардын таанып билүүсүнүн калыптандыруу үчүн (окутуунун методдорун жана технологияларын билүүсү, окуучуларды боло турган окуу жана кабыл алуу ишмердүүлүгүнө туура мотивациалай билүүсү ж.б.).

3. Социалдык жана психологиялык жактан даярдыгы, педагогикалык процесстин жүрүшүндө ар бир окуучунун социалдык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүүсү алар менен иш алып барууда алгылыктуу методдорду колдоно билүүсү. [2]

Жогоруда келтириңген мисалдардан кийин мугалимдин кесипкөйлүүлүгүн кандай баалаcак деген суроо пайда болот, буга жооп берүү үчүн эң биринчиден мугалимдин жеке "Мен" деген түшүнүктүн үстүндө дайым иштөөсү, чыгармачыл ойлоно билүүсү,

кырдаалдардан креативдүү жол таба билүү жөндөмдүүлүгү, мезгилдин талабына жооп берүү, предметтин (илимдин) жаңылануулараныннан артта калбоосу, ж.б. жаңылануу мезгилинин талабына жооп берген, өзүнүн ишинин кесипкөйү болгон адисти айтсак болот. [1]

Ошол эле учурда мектептер айылдын социалдык жактан өнүгүүсүнүн, өрчүшүнүн эң башкы кыймылдаткычы, руханий баалуулуктардын очогу, маданияттын жана билим берүүнүн чордону болуп эсептелинет. Ушулардан улам коом арасында жаңы типте иштеген мектепке муктаждык пайда болот. Жаңы типтеги айыл мектеби – бүт айыл тургундары үчүн маданият, нарк насил, ата-эне жана бала мамилелерин, үй бүлөө, адеп ахлак жана эң башкысы таалим алуу мекемеси катары болушу керек.

Ал эми окумуштуу Н.В. Кузьминанын пикири боюнча болочоктогу айыл мугалиминин кесиптик маданиятын төмөндөгүдөй:

- Мезгилдин талабына ылайык компьютердик технологиялар, интернет булактарды колдоно билүүсү.
- Азыркы коомдун постиндустриалдыктан информациялык коомдун шартына өтүшү, инсандын акыркы гана кабарга канааттанбастан, инновациялык технологияларды колдоно билүүсү.
- Учурдагы шарттарга ылайык мугалимдин окуучулардын курак жана жеке өзгөчөлүктөрүн билүүсү. [5]

Жогоруда аталган окумуштуулуардын теориялык жоболоруна таянуу менен келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик маданиятын калыптандыруу эффективдүү болот эгер:

1. Келечектеги айыл мугалиминин кесиптик жана педагогикалык маданияты калыптандыруу максатында ЖОЖдын окуу тарбия процессинде коомдун социалдык заказы эске алынса;
2. Кесиптик жана педагогикалык маданияттын өсүү деңгээли окуу процессинин ЖОЖды гуманизациялоо жана гуманитаризациялоо менен тыгыз байланышкан жана окуу жайлардын социомаданий өсүү тенденциялары эске алынса;
3. Келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик жана педагогикалык маданиятынын модели иштелип чыкса;
4. Келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик жана педагогикалык маданиятын калыптандыруунун технологиясы иштелип чыкса.

Кесиптик маданиятты калыптануусунун жолун аныктоо үчүн ЖОЖда педагогика предметин окутууда студенттер эки топко бөлүнүп, бири салттуу ыкмалар менен экинчиси эксперименталдуу топ катары окутулду. Эксперименталдык топко атайын айыл жергесинин шарттары түзүлүп, каражаттар, көрсөтмө куралдар жана айрым кырдаалдар чагылдырылгында студенттердин кабыл алуусу жогору болду. Кесипке үйрөтүү үчүн студенттерге:

- *Айыл мектебинин окуучуларынын психологиясын ачып берүү*. Окуучулардын эмоционалдык жоопкерчилигинин көптүгү; салтту стереотиптерден улам окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүнүн чектелиши; окуучулардын тартынчаактыгы, уялчаактыгы жана башкалар.
- *Студенттер айыл мектебинин мугалиминин иштөөсүнүн социалдык шарттарын,* айыл мектеби маданий, эң акыркы кабардын, чыгармачылыктын жана негизгиси билим алуунун борбору катары түшүнүшү зарыл .
- *Болочок айыл мугалимдерди даярдоодо өзгөчө шарттарды түзүү.* Студенттердин кесиптик маданиятын жогорулатуу үчүн "жалпы педагогика" окутуу циклынын катарына атайын курстарды киргизүү:

1. Айыл мектептеринде модернизация шарттарында башкаруунун жаңы технологияларын окутуу.
2. Айыл мектебинин окуучуларынын өз алдынча ишмердүүлүгүн уюштуруунун методдорун окутуу.
3. Айыл мектеп окуучуларынын кесипти туура тандоонун жолдорун окутуу.

Демек, болочок мугалимдерге кесиптик маданиятты калыптандыруу ЖОЖда атайын окутулуп жана улуу муундагы мугалимдердин топтогон иш тажрыйбасын анализдөө менен атайын ыкмалардын топтомун түзүү.

Улуу Чеш педагогу Ян Амос Коменскийдин айтуусунда "Мыкты мугалим пайдалуу нерсеге үйрөнүү үчүн бир дагы көз ирмемди текке кетирбейт" Бул сөздөр менен мугалимди кесипти тандаган адам бул өмүр бою окуп жана изилдөөнүн үстүндө өтөт. Мугалимдин кесиптик маданияты бул окуучунун социалдык жана руханий жактан жетишкендигинин гаранты болуп эсептелинет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Андрейко А.З. Сельская школа для всех, от мечты к реальности. Сб. метод. материалов. – Петрозаводск: 2003-76с.
2. Артюхин О.И., Андрейко А.З. Сельская школа комплекс – новый тип учебного заведения: сб. учеб.метод. материалов – Петрозаводск: КРИПКРО, 1996-150 С.
3. Исаев И.Ф. Теория и практика формирования профессионально педагогической культуры преподавателя высшей школы.
4. Кузьмина Н.В. Профессионализм личности преподавателя и мастера производственного обучения – М.: Высшая школа 1990-119 с.
5. Ланцова И.О. Педагогические основы развития сельского учителя. Дисс. ... канд. пед. наук. Москва 2008-197 с.
6. Маркова А.К. Психология профессионализма – М.: Знание, 1996.



• **Койчуманов М.К.**

*Ж.Баласагын атындагы КУУнун професору*


## ТАБЫГЫЙ ИЛИМДЕРДИ ӨЗ АЛДЫНЧА ОКУП, ТЕРЕҢ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН РАЦИОНАЛДУУ ЖОЛДОРУ

Дидактика жана психология тармагында пайда болгон эмгектерде билимдердин калыптанышынын бир предметтин же теманын ичиндеги өтмө касиеттерине ээ болушунун теориялык негиздери каралат. Мындай теориялык негизде окутуунун эффективдүүлүгүнүн андан аркы жогорулашын камсыз кылуу үчүн, мектеп окуучуларында жалпылоонун жогорку деӊ-гээли менен куралдандыруу кайсы бир окуу дисциплинасын окуп үйрөнүү процессинде ка-лыптанып, андан кийин башка дисциплиналарды окуп үйрөнүүдө, өз алдынча же практикалык иш-аракеттеринде зарыл экендигине токтолобуз.

Көнүмүштөрдү жалпылоону калыптандыруунун биз сунуш кыла турган ыкмалары, советтик психологдор С.А.Рубенштейн, А.Н.Монтев, П.Я.Гальперин, Ц.Ф.Талызин тарабынан иштелип чыккан иш-аракеттеринин теориясына, типтерине жана принциптерине негизделди.

Жалпыланган ык-көнүмүштөрдүн калыптанышынын ийгиликтерине жетишүү үчүн төмөнкү принциптерди сактоо керек: жеткиликтүүлүгүн, кыйынчылыктардын